ISSN 1694-7681

# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

Тастыктаймын

ОКнын катчысы, ф.и.н. Мурзашева А.И.

КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ

ISSN 1694-7681

**ЖУРНАЛ «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ»
ОСНОВАН 2001 ГОДУ, ПЕРЕИМЕНОВАН
В «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА»
В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО**

Зарегистрирован
в Министерстве юстиции
Кыргызской Республики
Регистрационный № 673
от 19 декабря 2001 года

**Республиканский научно-теоретический журнал**

# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

## № 9, 2017

БИШКЕК – 2017

КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ

Тастыктаймын
ОКнын катчысы, ф.и.к. Мурзаева А.И.

*Эргешали кызы А., Айдарова М.Д.*

# ЖАШТАРДЫ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШКА ДАЯРДООДО ТАРЫХЫЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК ЖАНА ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨЗ КАРАШТАРДЫН МААНИСИ

*Эргешали кызы А., Айдарова М.Д.*

# ЗНАЧЕНИЕ ИСТОРИКО-ФИЛОСОФСКИХ И ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИХ МИРОВОЗЗРЕНИЙ В ПОДГОТОВКЕ МОЛОДЕЖИ К СЕМЕЙНОЙ ЖИЗНИ

*Ergeshali kyzy A., A.D. Aidarova*

# THE IMPORTANCE OF HISTORICAL, PHILOSOPHICAL AND PSYCHOLOGICAL-PEDAGOGICAL WORLDVIEWS IN THE PREPARATION OF YOUTH FOR FAMILY LIFE

*УДК:378.27/015:18-1*

*Үй-бүлөнүн, элдик идеологиялардын баланын инсан болуп калыптанышына тийгизген таасири спецификалык мүнөзгө ээ. Макалада үй-бүлөлүк турмушка даярдоо түшүнүгүнүн мааниси каралып, жаштарды тарбиялоодо тарыхый-философиялык жана психологиялык-педагогикалык көз караштардын маанилүүлүгү чагылдырылган.*

***Негизги сөздөр:*** *үй-бүлө, элдик педагогика, үй-бүлөлүк тарбия, нике, адеп-ахлак, элдик салт-санаалар, элдик маданият.*

*Влияние семьи, народных идеологий имеет специфический смысл в формировании ребенка как личности. В статье рассмотрены смысл значения подготовки к семейной жизни и отражена важность историко-философских и психолого-педагогических мировоззрений в воспитании молодежи.*

***Ключевые слова:*** *семья, народная педагогика, семейное воспитание, брак, нравственность, народная идеология, народная культура.*

*Influence of family, national ideologies has a specific meaning in the formation of the child as the person. In this article examined the meaning of the importance of preparation for family life and reflects the importance of historical, philosophical and psychological-pedagogical worldviews in the education of youth.*

***Key words:*** *family, folk pedagogy, family education, marriage, morality, folk ideology, folk culture.*

Мектептердеги азыркы социалдык жагдай өспүрүмдөрдүн адеп-ахлактык жана жарандык процесстерин ылдамдатуу, келечектеги үй-бүлөлүк турмушка даярдануунун жана моралдык сапаттарга багыт алуунун сапатын жогорулатуу маселелерин көтөрүүдө. Дүйнөлүк педагогикалык маңызды байыткан ар бир элдин этномаданий мурасы, баалуу идеялары жана тажрыйбасы мындай багыт алуунун өзөктүү негизи боло алат.

Б.П. Битинастын эмгектеринде өспүрүм куракташтардын үй-бүлөлүк жашоого даярдануу процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрү, жолдору, методдору жана каражаттары изилденген [2].

Соңку жылдарда мындай маселенин этнопедагогикалык жана полимаданий аспектилеринин изилдениши өзгөчө актуалдуу боло баштады. Мындай аспектилердин изилдениши адамдардын улуттук жана этникалык аң-сезиминин жогорулашына, этнопедагогикалык процесстердин активдештирилишине, этнопсихологиялык каражаттардын, түбөлүк элдик салт-санаалардын жана өспүрүм курактагыларды тарбиялоо салттарынын колдонулушуна, ошондой эле, билим берүү жана тарбиялоонун гуманизациялашына жана гуманитаризацияланышына, мындай процесстердин чөлкөмдүк компоненттеринин калыптандырылышына байланыштуу.

Г.Волков жана анын шакирттери элдик педагогикалык маселени толук жана ар тараптан изилдеп чыгышкан.

Үй-бүлө – коомду тарбиялоонун башатын түзгөн эң байыркы социалдык институттардын бири. Бала жарык дүйнөгө келгенден баштап алгач өзүнө эң жакын болгон адамдар ата-энеси, чоң ата, чоң энеси жана бир туугандары менен баарлашат. Үй-бүлөдөгү мындай баарлашуу балага оң таасирин тийгизет жана өз ичине элдик маданиятты камтыйт. Алсак кыз балдар үй-бүлөдө энесинин жүрүм-турумун кабыл кылып, бир туугандары менен өз ара сыйлоо, колдоо, кызматташуунун негизинде мамиле курушкан. Ал эми уул балдар үй-бүлө, туулган жер, мекен үчүн өзүнүн жоопкерчилигин сезе билишкен жана түзүлгөн коомдук мамилелер системасына, эмгек ишмердүүлүгүнө киришишкен. Үй-бүлөдө балдар бирдикте маселени чечүү, бири-бирине сый мамиле кылууну үйрөнүшкөн, өздөрүнүн рухий келечегин көрө алышкан.

Үй-бүлөдө айлана-чөйрөнүн социалдык мүнөзү чагылдырылат жана личносттун атуулдук сапаттарынын калыптанышы ишке ашат. Үй-бүлө социологдордун, демографтардын, этнографтардын, философтордун, психологдордун жана педагогдордун изилдөө объектиси болуп келет. Үй-бүлө жана үй-бүлө-

КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ



Тастыктаймын
ОК-нын катчысы, ф.и.к. Мурзалиева А.И.

лук саясат жөнүндөгү мамлекеттик иш-кагаздарда үй-бүлөнүн жана үй-бүлөлүк социумдун маанилүүлүгү коомдун социалдык саясатынын эң негизги тармагы деп баса белгиленген. Мындан улам, мамлекеттин социалдык саясаты башка коомдук институттар жана түзүмдөргө караганда личносттун жана үй-бүлөнүн алгачкылуулук принцибинин негизинде ишке ашырылат [4].

Үй-бүлө – экономикалык, өндүрүүчү жана керектөөчү бирдик, жубайлардын ортосундагы өз ара мамилелерди жана улуу муун менен болгон мамилелерди биринчи орунга койгон адамдардын психологиялык бирдейлиги, мындан тышкары балдарды тарбиялоонун максаттары жана методдору. Бул учурда бизди үй-бүлөнүн балдарга тийгизген социалдык таасири кызыктырат. Үй-бүлөнүн балдарга тийгизген социалдык таасири көпчүлүк учурда үй-бүлөнүн материалдык абалынан, курамынан, билим берүү чен-талабынан, ата-эненин алып чыккан кесибинен, балдар менен ата-эненин ортосундагы мамилелерден жана өз ара таасирленүү өзгөчөлүктөрдөн, aңгемелешүү маданиятынан, ата-эненин атуулдук көз карашынан, ж.б. көз каранды. Регионалдык аспект жагынан алып караганда үй-бүлөлүк тарбиялоодо улуттук салт-санаалар чоң роль ойнойт.

"Үй-бүлөлүк тарбия деп улуу муундар тарабынан үй-бүлөнүн жаш мүчөлөрүнө: кичине бала, өспүрүм жана жаштарды коомго пайдалуу, ар тараптан өнүккөн, адеп-ахлак жактан жетилген инсан катары калыптандыруу максатында жүргүзүлгөн аракеттерин түшүнсө болот" [1].

Үй-бүлөнүн тарбиялоо методунда сакталып калган этникалык салт-санааларга жүргүзүлгөн социалдык-педагогикалык анализдин жыйынтыктары, алгач жогорку класстын окуучусунун личность болуп калыптануу процессинин башкарыла ала тургандыгын көрсөткөн. Мындай нерсе төмөндөгүдөй жагдайлардын жардамы менен ишке ашат:

– Адамдын жүрүм-турум маданиятын аныктай турган элдик салт-санаалардын сакталышы;

– Балдардын тарбияланышы үй-бүлөнүн жашоо аракетинин органикалык процессинде ишке ашат;

– Балдарга карата колдонулуучу физикалык жазалоонун жана ырайымсыздыктын жоктугу, баланын личностун, ой-пикирин, ийгиликке жетүү жана ката кетирүү укугун урматтоо;

– Баланын коомдук маданиятты, жүрүм-турум нормаларды жана адеп-ахлак нормаларды өздөштүрүүсү үчүн шарттарды түзүп берүү;

– Ата-бабалардын маданиятын, берген мурасын баалоо, улууларды урматтоо, балдарды ызаттоо, айлана чөйрөгө аяр мамиле кылуу, өз жериңди сүйүү, жана башка ушул сыяктуу этикалык салт-санаалардан келип чыккан нормалардын жана эрежелердин сакталышы [4].

Окумуштуулардын оюу боюнча үй-бүлө адамзаттын тарыхындагы эң маанилүү баалуулуктардын бирине кирет. Ар бир улутта жана ар бир маданий коомдо үй-бүлө деген баалуулук бар болгон. Мамлекет жана коом үй-бүлөнүн позитивдүү түрдө өнүгүшү, сакталышы жана бекемделиши үчүн кызыкдар. Адам канча жашта болбосун, ал баары бир бекем жана ишеничтүү бир үй-бүлөгө муктаж [5].

Учурдагы илим тармагында үй-бүлө деген түшүнүк боюнча эч ким так аныктама берген эмес, бирок байыркы кылымдарда улуу ойчулдар аныктама берүү аракетин көрүшкөн (Платон, Аристотель, Кант, Гегель ж.б.). Көпчүлүк учурда үй-бүлөнү биологиялык жана социологиялык коомдо катышы бар болгон коомдун негизги уячасы деп карашат. Акыркы жылдары үй-бүлө спецификалык жана чакан социалдык-психологиялык топ деп каралып, анын эрежелер, адеп-ахлактык нормалар жана салттар менен башкарылган личносттор аралык мамилелерге ээ экендигин билдиришет [5].

Конкреттүү адамдардын жашоосунда үй-бүлө ар түрдүүлүккө ээ экендиги белгилүү, анткени, инсандар аралык мамилелер көптөгөн вариацияларга жана кеңири диапазонго ээ болот.

Айрымдар үчүн үй-бүлө бул – таяныч, ишенич-түү эмоционалдуу оорук, өз ара камкордуктун жана сүйүнүчтүн жыйындысы. Ал эми айрымдар үчүн үй-бүлө бул – ар бир үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз кызыкчылыгы үчүн күрөшүү майданы, байкабай айтылган бир сөз менен же көтөрүмсүз жүрүм-турум менен бири-бирин таарынтуу майданы. Ошондой болсо дагы, Жер планетасында жашаган көпчүлүк адамдар бактылуулук деген түшүнүктү үй-бүлө деген сөз менен байланыштырышат: "үй-бүлөсүнүн ичинде бактылуу болгон адам - бактылуу". Көрсө, бактылуу үй-бүлөгө ээ болгон адамдар үй-бүлө кура албаган, аны кыйроодон сактай албаган адамдарга же болбосо бойдокторго салыштырмалуу узак өмүр сүрүшөт, көп оорубайт, натыйжалуу эмгектенишет, жашоонун сыноолоруна туруктуу жана чыдамдуу болушат, бат үйүр алуучу жана ак ниеттүү болушат [5].

Нике – эркек менен аялдын ортосундагы сексуалдык мамилелерди байыртадан бери жөнгө салуучу ар түрдүү социалдык механизмдер (табу, салт-санаалар, дин, укук, мораль). Бул механизмдер жашоонун үзүлбөшүнө багытталган. Никенин максаты үй-бүлө куруу жана балдарды жарык дүйнөгө алып келүү болгондуктан, жубайлардын жана ата-эненин укуктарын, жоопкерчиликтерин ырастайт.

А.Г. Харчевдин оюу боюнча нике менен үй-бүлө ар башка тарыхый мезгилде пайда болгон. Анын оюу боюнча үй-бүлө никеге караганда алда канча татаал түзүмгө ээ, себеби үй-бүлө жубайларды бириктирүү менен чектелбестен алардын балдарын, жубайлардын туугандарын жана жубайларга жакын жана керектүү болгон адамдарды да бириктирет [7].

Үй-бүлөнүн жана түгөйлөрдүн ортосундагы мамилелердин жаралуу көйгөйү жана өнүгүшү, үй-бүлөнүн жана ар бир индивиддин коомдо ойноgон ролу сыяктуу темалар көптөгөн кылымдардан бери адамды ойго салып келет. Антсе да, мындай көйгөйлөр бүгүнкү күндө да аягына чейин изилдене элек, анткени талаш-тартыш жарата турган көптөгөн масе-



КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ

Тастыктаймын
ОКнын катчысы, ф.и.к. Мурзалиева А.И.

лелер бар. Үй-бүлө – узун бир тарыхый өнүгүүнүн өнүмү, эки жыныс ортосундагы мамилелерди коомдук тартипке салуунун формасы. Мындай формалардын айрымдары өзүнчө бир урууларга таандык болгон, айрым формалар болсо, дагы да кеңири мааниге ээ болгон. Бул формаларды бириктирип турган нерсе – коомдун белгилүү бир социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлинен көз каранды.

Коом өнүккөн сайын үй-бүлөлүк жана жубайлардын ортосундагы мамилелердин туруктуулугу тышкы жөндөгүчтөрдөн (социалдык көзөмөл, коомдук пикир, коомдук эрежелер, экономикалык көз карандылык жана аялдардын баш ийүүсү, диний коркунуч) ички жөндөгүчтөргө (сүйүү жана милдет сезими, үй-бүлөлүк биримдүүлүктү сактоо жана колдоо жаатында үй-бүлө мүчөлөрүнүн кызыкчылыктары) өтөт.

Көптөгөн илим тармактары өз изилдөө предметине жараша үй-бүлөлүк педагогика үчүн маанилүү деп эсептелген заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрүн изилдешет. Бирок, акыркы он жылдын ичинде үй-бүлө тууралуу илимий маалыматтардын интеграцияланышына, ошондой эле, заманбап үй-бүлө боюнча системдүү анализди жана дисциплиналар аралык ыкмаларды ырастай турган, айрыкча, тарбиялоо кызматына ээ болгон бир илимдин чегиндеги методдорго муктаждык жаралды. Үй-бүлөнү комплекстүү жана системдүү түрдө изилдей турган илим калыптануу баскычында турат жана ал "фамилистика" деп аталат (мындай аталыш көрүнүктүү ата-мекендик философтор А.Г. Харчев жана М.С. Мацковский тарабынан 1978-жылы сунушталган) [7].

Үй-бүлө коомдун татаал подсистемасы болгондуктан, ар түрдүү социалдык кызматтарды аткарат. Андыктан, үй-бүлөнүн өнүгүшү жана бар болушу философия, социология, демография, экономика, юриспруденция, психология, педагогика, медицина, этнография сыяктуу көптөгөн илимдердин изилдөө объектиси болуп келет. Саналган ар бир илим тармагы балдарды тарбиялоо маселесин карашат. Анткени, бул маселе үй-бүлөнүн жашоо-тиричилигинин бардык аспектилерин камтыйт.

Философия жалпы принциптердин жана таануу жолдордун системасын тартипке салат, ошондуктан, үй-бүлөлүк тарбиялоо тажрыйбасын андап-түшүнүү, илимий эмгектерди жана педагогикалык концепцияларды жаратуу үчүн теоретикалык негиз болуп берет. Философияда үй-бүлө адамдын өзүн-өзү калыптандыруунун негизги чөйрөсү деп каралат. Алгач, адам үчүн үй-бүлөлүк жашоо жана балдарды тарбиялоо көрүнүшү аздыр-көптүр дүйнөнү баалоо, жашоонун, сүйүүнүн, сулуулуктун, чындыктын маңызын издөө, жамандык менен жакшылыктын өз ара катышы сыяктуу түбөлүк философиялык маселелер менен байланыштуу.

Демография жана социология заманбап үй-бүлөнүн өнүгүү абалын жана тенденциясын изилдейт. Мындай илим тармактарындагы маалыматтар мамлекеттик үй-бүлөлүк саясатты аныктоо үчүн колдонулат. Демографияда үй-бүлөнүн маселелери (жаш-курактык, улуттук жана башка белгилерге жараша), үй-бүлө мүчөлөрүнүн жумуш менен камсыздалышы, муундардын ара катышы, бала төрөө ж.б. сыяктуу маселелер каралат. Ал эми социологияда үй-бүлө социалдык институт жана баланын социалдашуусунун универсалдуу фактору катары каралат. Социология үй-бүлөнүн түрлөрүн, формаларын жана функцияларын, ошондой эле, үй-бүлөлүк жашоонун уюштурулушун жана баскычтарын изилдөөгө кызыкдар.

Экономика илиминде үй-бүлөнүн чарбалык иш-аракети, үй жана иш менен камсыздалышы, балдар азыктарынын, кийим-кечелердин, оюнчуктардын ж.б. өндүрүмү изилдөөгө алынат.

Ал эми юриспруденцияда үй-бүлөнүн, никенин жана үй-бүлөлүк тарбиялоонун укуктук негиздери ырасталат. Укуктук нормалар үй-бүлөлүк жашоодо жана үй-бүлөлүк тарбиялоодо ата-эненин жана балдардын статусун, укуктарын жана милдеттерин жөнгө салат.

Этикада үй-бүлөнүн адеп-ахлактуулук жаатындагы көйгөйлөр, адеп-ахлактык багыттары жана салт-санаалары изилденет. Ал эми тарых илими үй-бүлөлүк тарбиялоонун түзүлүшүн, ар түрдүү тарыхый баскычтарындагы эволюциясын, айрым глобалдык тенденцияларын, ата-энелик сезимдердин өзгөчөлүгүн, ролун жана мамилелерин изилдейт. Бирок, тарыхый изилдөөдө тигил же бул улуттун менталитеттик өзгөчөлүктөрү, байыртадан бери уланып келген үрп-адаттары маанилүү орунга ээ.

Ошондуктан, улуттук маданиятты сактоого, баалуу идеяларды, улуттук-этникалык үй-бүлөлүк тарбиялоонун үрп-адаттарын жана салт-санааларын турмушка кайта келтирүүгө салым кошкон этнографтардын ишке ашырган изилдөөлөрү негизги орунга ээ.

Психология үй-бүлөнү социалдык бир топ катары изилдейт. Психологияда үй-бүлөдө сүйлөшүү өзгөчөлүктөрү, ата-эне менен баланын ортосундагы мамилелердин мүнөзү, личносттун калыптанышы үчүн ыңгайлуу болгон психологиялык атмосфера сыяктуу маселелер изилденет. Үй-бүлө жана үй-бүлөлүк мамилелер салттуу түрдө медицина менен физиологияда илимий жактан изилденген.

Бул маселелердин айрым бир жактары педагогика илиминде изилдентени менен окутуу, тарбиялоо процессинде изилдөөгө муктаж болгон үй-бүлөлүк турмушка даярдоо көйгөйлөрү арбын экендигине жүргүзүлгөн изилдөөлөрдөн улам ынаным жаралбай койбойт. Бул көйгөйлөрдүн өз деңгээлинде чечилиши мамлекетибиздин социалдык-экономикалык абалына өз таасирин берип, улуттук нарктуулук, улуттук барктуулук өз нугунда өнүгүп, түрдүү карама-каршылыктарды жеңүү мүмкүнчүлүгүнө өбөлгө болоору анык экендиги ырасталып турат.

Анткени, үй-бүлөлүк жашоонун туура уюштурулушу, белгилүү эрежелердин сакталышы, инсандын адеп-ахлактык, акыл-эстик, жүрүм-турум маданиятынын калыптануусунун негизин түзөт.



КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ

Тастыктаймын
Окмун катчысы, ф.и.к. Мурзалиева А.И.

**Адабияттар:**

1. Асипова Н.А. Социалдык тарбия. -Б.: 2004.
2. Битинас Б.П. Введение в философию воспитания. - М.: 1996.
3. Данилов Д.А., Корнилова А.Г. Социально-воспитательная работа в сельском социуме: региональные аспекты организационно-педагогического обеспечения. - Новосибирск, 1999. - С. 63, 84.
4. Данилов Д.А., Федорова К.И., Федорова Л.И. Этнопедагогические традиции в региональном образовании. - Якутск, 2000. - С. 52, 84
5. Куликова Т.А. Семейная педагогика и домашнее воспитание. - М., 2000. - С. 22, 128.
6. Харчев А. Г. Брак и семья в СССР. – М.: 1979.
7. Харчев А.Г., Мацковский М.С. Современная семья и её проблемы. - М., 1978.

**Рецензент: д.пед.н., профессор Асипова Н.А.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ / МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ

Тастыктаймын
Окмуш катчысы, ф.и.н. Мурзалиева Н.Ш.

*K.A. Zulpueva*
THE NECESSITY OF FORMING A COMPUTER LITERACY OF STUDENTS OF JUNIOR SCHOOLCHILDREN....................................166

*Тулобердиев К.К.*
БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ............170
*Тулобердиев К.К.*
ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕ ТЕХНОЛОГИИ...........170
*K.K. Tuloberdiev*
EDUCATIONAL TECHNOLOGY.....................170

*Ульвия Мамед гызы Исмаилова*
ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧАЛУУЛУГУН ӨНҮКТҮРҮҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮНҮН ЖАҢЫЧА ТАЛАБЫ КАТАРЫ....................................................173
*Ульвия Мамед гызы Исмаилова*
РАЗВИТИЕ САМОСТОЯТЕЛЬНОСТИ УЧЕНИКОВ КАК ТРЕБОВАНИЕ НОВОГО ПЕДАГОГИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ................173
*Ulvia Mamed kyzy Ismailova*
DEVELOPMENT OF THE INDEPENDENCE OF STUDENTS AS THE REQUIREMENT OF NEW PEDAGOGICAL THINKING...............................173

*Эргешали кызы А., Айдарова М.Д.*
ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТАРБИЯНЫ ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖӨНҮНДӨ...........................................................177
*Эргешали кызы А., Айдарова М.Д.*
ОБ ИССЛЕДОВАНИЯХ СЕМЕЙНОГО ВОСПИТАНИЯ...................................................177
*Ergeshali kyzy A., M.D. Aidarova*
ABOUT THE RESEARCHES OF FAMILY EDUCATION..........................................................177

*Турдакунова А.С.*
АРАЛЫКТАН ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫНДА ТЕЛЕКОММУНИКАЦИЯЛЫК КАРАЖАТТАРДЫН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КОЛДОНУУ...............180
*Турдакунова А.С.*
ВОЗМОЖНОСТИ ПРИМЕНЕНИЯ ТЕЛЕКОММУНИКАЦИОННЫХ СРЕДСТВ В ДИСТАНЦИОННОМ ТЕХНОЛОГИИ ОБУЧЕНИЯ..........................................................180
*A.S. Turdakunova*
APPLICATION OF THE POSSIBILITY OF TELECOMMUNICATION MEANS DISTANCE LEARNING TECHNOLOGY...............................180

*Улькар Мамед гызы Мамедова*
ТОЛУК ЭМЕС ҮЙ-БҮЛӨЛӨР МЕНЕН МЕКТЕПТЕ ИШ ЖҮРГҮЗҮҮДӨ ТАРБИЯЛОО ИШТЕРИНИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ...................................................183
*Улькар Мамед гызы Мамедова*
ОСОБЕННОСТИ ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ В ШКОЛЕ ПРОВЕДЕННЫЕ С НЕПОЛНЫМИ СЕМЬЯМИ.....................................................183
*Ulkar Mamad kyzy Mammadova*
FEATURES OF EDUCATIONAL WORK IN SCHOOL, CONDUCTED WITH SINGLE-PARENT FAMILIES...............................................183

*Эргешали кызы А., Айдарова М.Д.*
ЖАШТАРДЫ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШКА ДАЯРДООДО ТАРЫХЫЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК ЖАНА ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨЗ КАРАШТАРДЫН МААНИСИ.......................186
*Эргешали кызы А., Айдарова М.Д.*
ЗНАЧЕНИЕ ИСТОРИКО-ФИЛОСОФСКИХ И ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИХ МИРОВОЗЗРЕНИЙ В ПОДГОТОВКЕ МОЛОДЕЖИ К СЕМЕЙНОЙ ЖИЗНИ....................................186
*Ergeshali kyzy A., A.D. Aidarova*
THE IMPORTANCE OF HISTORICAL PHILOSOPHICAL AND PSYCHOLOGICAL-PEDAGOGICAL WORLDVIEWS IN THE PREPARATION OF YOUTH FOR FAMILY LIFE..186

***ТИЛ ТААНУУ***
***ЯЗЫКОЗНАНИЕ***
***LINGVISTICS***

*Өмүрканов Т.А.*
ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ АРАБ-ТҮРК ТИЛДИК БАЙЛАНЫШТАРЫ................................190
*Өмүрканов Т.А.*
АРАБО-ТЮРКСКИЕ ЯЗЫКОВЫЕ СВЯЗИ В СРЕДНЕВЕКОВЫЙ ПЕРИОД.................................190
*T.A. Omurkanov*
THE ARABIC-TURKIC LANGUAGE CONNECTIONS IN THE MEDIEVAL PERIOD....190

*Ризк Аль-Касаби Амин*
АРАБ ТИЛИН ОКУТУУ ПРАКТИКАСЫНДАГЫ ТИЛ КОММУНИКАЦИЯ...............................194
*Ризк Аль-Касаби Амин*
ЯЗЫКОВАЯ КОММУНИКАЦИЯ В ПРАКТИКЕ ОБУЧЕНИЯ АРАБСКОМУ ЯЗЫКУ.................194
*Rizq Al-Kasabi Amin*
LANGUAGE COMMUNICATION IN THE PRACTICE OF TEACHING ARABIC...............194

*Өмүрканов Т.А.*
Т.КАСЫМБЕКОВДУН «СЫНГАН КЫЛЫЧ» РОМАНЫНДА КЕЗДЕШКЕН АРАБ СӨЗДӨРҮНӨ ЛИНГВИСТИКАЛЫК ЖАКТАН ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ..........................................................199
*Өмүрканов Т.А.*
ЛИНГВИСТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ АРАБСКИХ СЛОВ В РОМАНЕ Т.КАСЫМБЕКОВА «СЛОМАННЫЙ МЕЧ»........................................199
*T.A. Omurkanov*
THE RESULTS OF THE LINGUISTIC ANALYSIS OF ARABIC WORDS IN T.KASYMBEKOV'S NOVEL «THE BROKEN SWORD»....................................199

КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ

Тастыктаймын
ОКнын катчысы, ф.и.к. Мурзамиева А.Ш.